КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

"17" 08 2023-ж №126 Кызыл-Суу айылы

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз 24- сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**"Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 15-август айындагы №318 тескемеси жана Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 25-август айындагы №02-28/2319 каты жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 15-августундагы №318 тескемеси боюнча Кызыл-Суу айылдык кенешинин төрайымы Г.Чыныбаеванын маалыматын карап чыгып, талкуулап айылдык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1.Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 15-августундагы №318 тескемеси боюнча Кызыл-Суу айылдык кенешинин төрайымы Г.Чыныбаеванын билдирүүсү эске алынсын.

2.Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин Төрагасы-Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчиси А.У.Жапаровдун жетекчилиги алдында өткөрүлгөн кенешменин 2023-жылдын 28-июлундагы №20-12 протоколунун "Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Түп районунун жана Нарын облусунун айыл аймактарынын денгээлинде пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформасы жана Жалал-Абад, Талас, Ош, Чүй, Ысык-Көл, Баткен облустары, Бишкек жана Ош шаарлары сунуштаган административдик-5аймактык реформаларынын долбоорун талкуулоо тууралуу" биринчи тапшырмасын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өлүнүн 2023-жылдын 15-август №318 тескемесин жана Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 25-август айындагы №02-28/2319 каты колдоого алынсын. Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрация тарабынан белгиленген иш чаралардын негизинде айылдык кенештин депутаттары өз шайлоо округдарында, айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери менен бирдикте жалпы айыл тургундарына аймактык реформа боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн.

3.Токтомдун аткарылышына көзөмөл кылуу айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

**Айылдык кенешинин төрайымы: Г.Чыныбаева**